УДК: 37.01:03:08

Джумабаев К.Б.
*КМЮАнын Ысык-Көл юридикалык институту*

# БОЛОЧОКТОГУ КОМПЕТЕНТТҮҮ ПЕДАГОГДУН ӨЗӨКТҮҮ ЖЕТИ САПАТЫ

*Макалада жаш мугалимдер менен окутуучуларга алардын ишмердүүлүгүн, чеберчилигин, компетенттүүлүгүн, квалификациясын, коммуникабелдүүлүгүн, маданиятын, кадыр-баркын, аброюн көтөрүү боюнча педагогикалык багыт берүү менен бирге, билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жолдору, ыкмалары, методдору тууралу сунуштар ортого салынат.*

***Негизги сөздөр:*** *компетенттүүлүк, коммуникабелдүүлүк, мугалимдин квалификациясы, эрудиция, интеллектуалдуулук, педагогикалык технологиялар, инновациялык, интерактивдүүлүк.*

*В статье даются педагогические рекомендации по повышению педагогического мастерства, компетентности, квалификации, коммуникабельности, культуры и авторитета молодых учителей и преподавателей. Предлагаются методы по повышению качества образования и пути их решения.*

***Ключевые слова:*** *компетентность, коммуникабельность, квалификация педагогов, эрудиция, интеллектуальность, педагогическая технология, инновация, интерактивность.*

*This scientific article gives a pedagogical direction for improving pedagogical skills, competence, qualifications, communicability, culture and authority of young teachers and professors. Methods for improving the quality of education and ways to address them are proposed.*

***Key words:*** *competence, communicability, qualification of teachers,erudition, intellectuality, pedagogical technology, innovation, interactivity.*

Улам жыл өткөн сайын өлкөбүздө илим-билимге жана таалим-тарбияга болгон талаптар күч алууда. Ушундан улам, азыркы ааламдашуу заманында билим берүү тармагына да талаптар жогорулап жатат. Себеби элибиздин илимдүү-билимдүү болушу, негизинен, билим берүү жана илим министрлигинин ишмердүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу. Ошондуктан билим берүү жана илим министрлиги өлкөбүздөгү мугалимдер менен окутуучулар системасына билим берүүнүн жаңы заманбап талаптарын коюуда. Бул талаптар жалпыга маалымат берүү каражаттары аркылуу байма-бай айтылып жана жазылып келе жатат. Ушуга байланыштуу, өзүбүздүн окумуштуу-педагогдорубуз өлкөбүздө билим сапатын көтөрүү боюнча алгылыктуу илимий эмгектерди жаратышууда. Бул эмгектерде мугалим менен окутуучулар системасы жаштарга сапаттуу билим беришине олуттуу көңүл бурушкан [1-4]. Себеби элибиздеги билим алуунун жана үйрөнүүнүн сапаты мугалимдердин, окутуучулардын сапаты менен түздөн-түз тыгыз байланыштуу. Башкача айтканда, сапаттуу окутуу жана үйрөтүү жогорку сапаттагы мугалимдер, окутуучулар аркылуу ишке ашат. Ошондуктан мекенибизде эмгектенип жаткан ар бир мугалим же окутуучу жогорку педагогикалык сапатка, б.а., жогорку педагогикалык компетенттүүлүккө, квалификацияга ээ болушу зарыл. Биз дагы билим берүү системасынын ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнө салым кошуу максатында өз пикирлерибизди ушул макала аркылуу билдирмекпиз. Биздин көз караш боюнча, өлкөбүздөгү билим берүү системасында эмгектенип жатышкан мугалимдер менен окутуучулар, сөзсүз түрдө, ар дайым маанисин жоготпогон жана эскирбеген жети негизги, б.а., өзөктүү сапаттарга ээ болушу шарт деп эсептейбиз. Бул сапаттарга ирети менен токтолуп кетели. Макаланы Леонардо да Винчинин “Все гениальное – просто” деген принцибине ылайык, жөнөкөй жазганга аракет кылдык.

**1. Биринчи сапат − педагогикалык жөндөм.**

Жөндөм деген эмне? Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: “Жөндөм−ар нерсенин ыгын, жолун, көзүн тапкан ишмерлик, жарамдуулук, айлакерлик, эпчилдик, аткаруу шыгы” - деп түшүндүрүлөт [5]. Ал эми орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: “Способность – 1. Природная одарённость, талантливость. 2. Умение, а также возможность производить какие-нибудь действия”- деп түшүндүрүлөт [6]. Ал эми психология илиминде [7] жөндөм

жалпы жана белгилүү багыттар боюнча атайылаган (специальный) деп экиге бөлүнөт. Атайылаган жөндөм табигый (природный задаток) жана күндөлүк көнүгүүдөн, иш-тажрыйбадан улам пайда болгон, б.а., кабыл алынган (приобретенный) жөндөм деп дагы экиге бөлүнөт. Демек, атайлаган жөндөм, мисалы, педагогикалык жөндөм, адамдын табиятынан болоруна ынанып келебиз. Тактап айтканда, педагогикалык жөндөм-талант− сүрөтчүлөрдүн, музыканттардын талантындай эле талант. Табигый жөндөм кабыл алынган жөндөмгө караганда артыкчылык статусуна ээ. Ошондуктан Дүйшөндүн атайылаган педагогикалык билими болбогону менен, табияттан берилген жөндөмү аркылуу балдарды окутуп келген жана тарыхта калды. Ал эми азыркы мезгилде педагогикалык жетиштүү, сапаттуу билими бар, бирок мугалимдик жөндөмү жок педагог жогорку компетенттүү мугалим боло алабы? Албетте, жок! Демек, чыгаан мугалим же окутуучу болуш үчүн педагогикалык сапаттуу билим алуу аздык кылат, ал үчүн жөндөмдүү-таланттуу педагог да болушу зарыл. Ал үчүн, эгерде мугалимде же окутуучуда табигый жөндөм жок болсо, анда жок дегенде кабыл алынган жөндөмдү пайда кылып жана аны өнүктүрүп-өстүрүщгө туура келет. Ал талыкпаган педагогикалык көнүгүүлөргө, педагогикалык эмгекке баш иет. Тигил же бул мугалимдин, окутуучунун табигый жөндөмүн кантип аныктоого болот?

1. Бир нерселерди, маалыматтарды түшүндүрүүгө кызыкдар жана алар үчүн оңой.
2. Татаал окуу материалдарын окуучуларга жөнөкөйлөтүп, чечмелеп, жеткиликтүү түшүндүрүп бергенди жакшы көрүшөт. Муну “Мугалим бул – оор нерселерди оңой кылуучу адам”, - деп Р. Эмерсон таасын байкаган.
3. Окуу материалдарын образга кирип, элестетип түшүндүрүп бере алышат.
4. Алар мотивацияга бай болушат.
5. Алар юморго жакын, жарым артист болушат.
6. Алар табиятынан жарым психолог да болушат. Окуучулардын ойлорун айттырбай билишет. Окуучулар менен бат тил табышат, б.а., табиятынан коммуникабелдүү болушат. Аларды окуучулар өтө сыйлашат.
7. Булар жаңы педагогикалык окутуу ыкмаларын, методдорун оңой өздөштүрүп кете алышат.
8. Булар мугалимдик кесиптен канагат, дем-күч, ырахат алып иштешет.
9. Мугалимдик кесип алар үчүн оңой.
10. Булар акчадан мурун мугалимдик кесибин сүйүшөт.
11. Алар өздөрү иштеген окуу жайына майрамга баргандай барышат.
12. Алар “камчы” чаптырбай иштешет ж.б.у.с.

Азыркы учурда билим берүү системасында педагогикалык жөндөмү бары да, жогу да эмгектенип келишүүдө. Буга баарыбыз күбөбүз. Педагогикалык жөндөмү начар мугалимдер менен окутуучулар бул жөндөмдөрүн жогорулатууга ниеттери жокко эсе. Алар алган кесиптик жана педагогикалык билимдерине гана таянып эмгектенишщүдө.

**2. Экинчи сапат − жогорку же орто педагогикалык кесиптик билим.**

Эгерде кимдир бирөө жашоосунда педагогикалык кесипти тандаган болсо жана ал адамда табият берген педагогикалык жөндөм-таланты бар болсо, анда ага ылайык, сөзсүз түрдө, сапаттуу жогорку же орто педагогикалык кесиптеги билимге ээ болушу шарт. Себеби азыркы окуучулар мурунку Дүйшөндүн учурундагы окуучулар эмес. Азыркы окуучуларды сапаттуу окутуу үчүн, б.а., сапаттуу кесиптик билим бериш үчүн, өтө жогорку деңгээлдеги педагогикалык билим алууга туура келет. Педагогикалык билим алуунун үч баскычы бар:

1. Мектептерде, ЖОЖдо, ОКОЖда мугалим сабак берип окута турган предметтик, б.а., кесиптик (базалык) билим. Бул билимди жогорку окуу жайларында 4-5 жыл окуп билим алышат. Ал эми орто кесиптик билимди орто кесипчилик окуу жайларынан 2-3 жыл окуп билим алышат.
2. Алынган предметтик (базалык) сапаттуу билимди окуучуларга же студенттерге

жөнөкөйлөтүп, алар кабыл алгыдай кылып жеткирүү үчүн атайын демейдеги көндүм (привычный), салттуу (традиционный) методдор менен бирге жаңы инновациялык, интерактивдик методдордун түрлөрүн өздөштүрүү боюнча педагогикалык билим алышат. Мындан сырткары, билим алуучуларга туура педагогикалык мамилелерди жасаш үчүн педагогика, психология илимдери боюнча да кошумча билимдерди алууга туура келет.

3. Жогоруда алынган билимдердин негизинде, мектептерге ж.б. окуу жайларына барып атайлап практикадан өтүү жолу менен иш жүзүндө мугалим-педагог болууга үйрөнөбүз.

Мындай майдалап түшүндүрүүнүн бир максаты: бул макала жаш педагогдорго арналса, экинчи максаты: арабызда жогорку кесиптик жана пратикалык билими бар, бирок жогорку педагогикалык билимдери жок, т.а., окутуунун, үйрөтүүнүн педагогикалык ыкмаларын, методдорун технологияларын билбеген, түшүнбөгөн мугалимдер менен окутуучулар арбын. Алар бул ыкмаларга маани бербей, кабылдабай келишет. Алардын оюнда, окуучуларга айтып, түшүндүрүп коюу эле жетиштүү деп эсептешет. Натыйжада, алар берген сабактардын сапаттары кыйла төмөн болууда. Ошондуктан алар сырттан окуу жолу менен педагогикалык кошумча билим алышса туура болмок.

**3. Үчүнчү сапат − педагогикалык тажрыйба.**

Белгилүү болгондой, абдан билимдүү, бирок тажрыйбасыз мугалимди компетенттүү, мыкты мугалим деп айтуу эч мүмкүн эмес. Себеби алган сапаттуу базалык билимин тажрыйба албай туруп, окуучуларга же студенттерге ийгиликтүү жеткирүү мүмкүн эмес. Ошондуктан **“З**нать - это одно, а уметь - это совсем другое” – деп орус элинде таасын белгиленгендей, педагогикалык билим алуу аздык кылат, алган билимди иш жүзүндө колдонуп, тажрыйба топтоо зор мааниге ээ. “Уча учусь”- деп Л.А.Сенека белгилегендей, жаш педагог-адис бирин билсе, бирин билбей, бирин түшүнсө, бирин түшүнбөй жатып, акырындап тажрыйба жыйнайт. Ошондуктан “В любой науке, в любом искусстве лучший учитель – опыт” деп М.Сервантес айткандай, тажрыйба жыйноо − олуттуу маселе. Педагогикалык тажрыйба топтоонун негизги жолдору төмөнкүлөр:

**а)** күнүмдүк сабактарды натыйжалуу өтүү жолу менен тажрыйба топтоо;

**б)** ачык сабактарды ийгиликтүү өтүү менен тажрыйба топтоо;

**в)** тажрыйба алмашуу максатында кесиптештердин сабактарына байма-бай катышуу менен тажрыйба топтоо;

**г)** кошумча курстарды, семинар-тренингдерди, куратордук сааттарды, диспуттарды, викториналарды ж.б.у.с. өтүү менен тажрыйба топтоо;

**д)** чогулуштарда жана ар кандай жыйындарда ийгиликтүү сөз сүйлөө менен тажрыйба топтоо.

Азыркы учурда билим берүү системасында педагогикалык тажрыйбасы бары деле, жогу деле эмгектенип жатышат. Бирок алган маяналары бирдей. Мындан сырткары, тажрыйбасыз жаш педагогдор өнөктөш оор предметтерди ал гана эмес, өзүнүн кесиптик (базалык) билимине туура келбеген предметтерди уялбай сапатсыз окутуп жатышат.

**4. Төртүнчү сапат − педагогикалык уюштуруучулук жана башкаруучулук жөндөмдөр.**

Күнүмдүк сабактарды өтүүдө мугалим же окутуучу сөзсүз түрдө сабактарды ийгиликтүү уюштурууга жана классты же группаны ийкемдүү башкарып турууга туура келет. Ошондуктан педагогикалык компетенттүүлүккө умтулган ар бир мугалим же окутуучу сөзсүз түрдө өзүнүн уюштуруучулук жана башкаруучулук жөндөмдөрүн өнүктүрүп-өстүрүүгө туура келет. Мындан сырткары, ийгиликтүү мугалимдин же окутуучунун компетенттүүлүгү окуткан сабагынан жана аудиториясынан гана көз каранды болбостон, анын эффективдүүлүгү коммуникабелдүүлүк сапатка да байланыштуу болот. Дал ушул коммуникабелдүүлүк же б.а., “эл менен тил табыша билүү” сапаттары билимди жетишээрлик деңгээлде окутууга, окуучуну, студентти эмгекке ынандырууга,

группалардагы, окуу жайлардагы, коомдогу конфликттерди башкарууга мүмкүндүк берет. Педагогдун уюуштуруучулук жана башкаруучулук жөндөмдөрүн: негизинен, сабактарды же башка иш-чараларды өткөрүүнүн максаттарын так билүүсү, б.а., иштин көзүн билүүсү (аларды эмнеге жана кандай жол менен аткарууну так билүүсү), алардын болжолдуу аткарылышын элестетип түшүнүүсү, алардын аткарылгандан кийинки натыйжасы кандай болоорун алдын ала белгилөөсү, б.а., алардын сөзсүз түрдө туура аткарылышына келтирилген далилдер, алардын аткарылыш жолдорун, ыкмаларын, методдорун туура аныктоосу жана пландоосу, аларды аткарууга жасалган демилге жана аракеттер, о.э. окуучулардын, студенттердин же элдин педагогго болгон ишеними жана анын педагогикалык тажрыйбасы аныктайт. Азыркы тапта уюуштуруучулук жана башкаруучулук жөндөмдөрүн өнүктүрүп-өстүргөн мугалимдер менен окутуучулар бир топ эле арбын.

**5. Бешинчи сапат − педагогикалык чечендик (ораторлук) жөндөм.**

Ар бир мугалимдин же окутуучунун иши, жумушу, сөзсүз түрдө, тил менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, сөзү жатык, так, сылык, кооз, уккулуктуу, жагымдуу, куюлушкан, иреттүү жана таасирдүү болушу келечек муунга сапаттуу билим берүүдө, окутууда зор мааниге ээ. Мугалим канчалык жагымдуу, так, таасирдүү, жеткиликтүү сөз менен сабак өтсө, окуучулардын билимди кабыл алышы ошончолук жакшы болору шексиз. Ошондуктан педагогикалык ишмердүүлүккө, компетенттүүлүккө, билгичтикке умтулган ар бир мугалим же окутуучу сөзсүз түрдөөзүнүн чечендик, б.а., ораторлук, риторикалык жөндөмүн өнүктүрүп-өстүрүүгө туура келет. Бул жөндөмдү деле педагогикалык жөндөм сыяктуу атайлаган педагогикалык көнүгүүлөр жана талыкпаган эмгектер аркылуу өнүктүрүп-өстүрүүгө болот. Ошондуктан элибизде ”Көрө-көрө көсөм болосуң, сүйлөй-сүйлөй чечен болосуң” – деген кеп бекеринен чыккан эмес. Демек, чечендик жөндөмдү, негизинен, адамдын ниети, сөз байлыгы, ораторлук билими жана педагогикалык тажрыйбасы аныктайт. Азыркы мезгилде ораторлук жөндөм менен сабагын берилип өткөн педагогдордун катары билим берүү системасында суюк эле. Ушундан улам, өлкөбүздүн ар бир шаарларында чечендик искусство боюнча атайы курстар иштеп жатат. Аларга катышуу менен чечендик билим алуу жана чечендик жөндөмгө ээ болууга толук шарт бар.

**6. Алтынчы сапат − педагогикалык маданият жана этика.** Азыркы мезгилде, “Билимдин баркы кетти, мугалимдин аброю түштү”- деген кеп-сөз эл ичинде байма-бай айтылууда. Мунун жөнү бар. Бирок союз учурунда деле мамлекет тарабынан билим түздөн-түз бааланып, баркталган эмес. Мугалимдердин айлыгы товар өндүрүүчүлөрдүн айлыктарынан азыркыдай эле аз болучу. ЖОЖдын саны республика боюнча 8-9 ашкан эмес. Мугалимдердин көбү батирлерде жашоочубуз. Мугалимдер, окуучулар менен бирдикте айыл чарба жумуштарына жана курулуштарга байма-бай тартылып туруучу. Мектептердин ж.б. окуу жайлардын илимий-техникалык базалары начар эле болучу. Бирок ал учурда кадр саясаты биринчи орунда турган, б.а., бийлик структурасына ж.б. жакшы жумуштарга күчтүү (жөндөмдүү, илимдүү-билимдүү, тажрыйбалуу) кадрлар партиядан тарбияланып алынып турган. Ошондой эле ал учурда жакшы адистерге болгон талап “мейкиндиги” кеңири болучу. Мисалы, колхоз-совхоздор, завод-фабрикалар, билим берүү, медицина, укук коргоо органдары, транспорт, аба жолдору тармактары ж.б.у.с. көп эле. Ал эми күчтүү кадрлар менен адистер сапаттуу илим-билимге таянышкан. Ошондуктан коомчулук жакшы жумуштарга орношуу үчүн сапаттуу билим алууга аракет кылучу. Ошентип, илим-билимдин баркы өзүнөн-өзү, өзүнүн сапаттуу “продукциялары”, т.а., күчтүү кадрлары аркылуу көтөрүлүп турган. Эгерде илим-билим күчтүү, сапаттуу берилип, бирок анын натыйжасы (кадрлары) бааланбаса, илим-билимдин баркы ошол учурда деле түшмөк. Ушундай көрүнүш азыр болуп жатат. Азыр тескерисинче жакшы жумуштарга илим-билимине, иш тажрыйбаларына, жөндөмүнө карабай, акчасына карап алышууда. Башкача айтканда, азыр илимдүү-билимдүү, тажрыйбалуу, жөндөмдүү кадрлар бар болгону

менен, алар бааланбай жатат. Демек, илим-билимдин баркын анын чыгарган “продукциясынын” *өтүмдүүлүгү* аныктай тургандыгы айкын болууда. Ал эми ал “продукциянын” өтүмдүүлүгү азыркы тапта начар. Ошондуктан жаштарыбыздын көпчүлүгү жана коомчулук илим-билимди барктабай калганы ошол. Ушундан улам, алар жашоонун нугун тескери жолго буруп жатышат. Ошентип, азыркы мезгилде билимдин баркы, баалулугу аны менен бирге мугалимдин кадыр-баркы кетип турган чак. Бирок бул‒убактылуу көрүнүш. Мындан сырткары, педагогдун кадыр-баркы, аброю адегенде өзүнүн колунда, андан кийин сырткы шартка жана чөйрөгө байланыштуу болот. Педагог өзүн өзү сыйлабаса, көтөрбөсө, аны ким сыйлап, аны ким көтөрмөк эле! Тарыхка кайрылсак, согуш учурундагы мугалимдер өздөрүнүн кадыр-баркын кантип сактап келишкен жана азыркы мезгилге чейин алар тууралу аңыз кептер жүрүп жатат. Эмне? Алардын жашоолору биздикинен жакшы беле? Ушундан улам, ар бир өзүн сыйлаган педагог, жашообузда кандай гана кырдаал-шарт болбосун мугалим  деген улуу наамын, аброюн сактап калуусу шарт. Ошондуктан ар бир педагог ар дайым өзүн бийик, олуттуу, маданияттуу, сылык, салабаттуу, таза, үлгүлүү, нускалуу жана абройлуу жүрүүсү абзел. Ошондой эле иштеген ишинде так, дыкан, жоопкерчиликтүү, принципиалдуу, сабаттуу болушу өзүнө гана ийгиликтерди алып келээри шексиз. Бирок азыркы мезгилде студенттерден айырмаланбаган нарксыз окутуучулар арбып барат.

**7. Жетинчи сапат − чыгармачылык изденүү менен өзүнүн компетенттүүлүгүн жана квалификациясын жогорулатып туруу.**

Ооба, ар бир мугалим же окутуучу ЖОЖдон алган терең, бай кесиптик (базалык) билимдерин, окутуунун педагогикалык технологияларын убакыт өтө, толук бойдон сактап калуу эч мүмкүн эмес. Анын үстүнө, күн сайын илим-билим, коом өнүгүп-өсүп жатат. Ошондуктан өзүнүн педагогикалык кесибин ардактап сүйгөн ар бир мугалим же окутуучу кесипкөй адис болгусу келсе, ар дайым өзүнүн педагогикалык потенциалын өнүктүрүп-өстүрүп туруусу зарыл.

*Бул өнүгүп-өсүүнүн багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн (ар кимдин табитине жараша):*

1. Педагогикалык, уюштуруучулук, чечендик жөндөмдөрдү өнүктүрүп-өстүрүү.
2. Алган предметтик (базалык) билимдерин өнүктүрүп-өстүрүү.
3. Окутуунун педагогикалык жаңы ыкмалары, методдору боюнча өнүгүп-өсүү.
4. Педагогикалык бай тажрыйбаларга ээ болуу.
5. Жеке педагогдук илимий-техникалык базаларды чыңоо: анын ичинде жеке китепкананы уюштуруу, предметтик көргөзмө куралдарды жана дидактикалык материалдарды топтоо, компьютердик техникаларга ээ болуу. Окутуунун техникалык каражаттарын байытуу ж.б.у.с.
6. Жалпы интеллекти, кругозорду, эрудицияны өнүктүрүп-өстүрүү.
7. Педагогикалык маданият менен этиканы өнүктүрүп-өстүрүү.

*Педагогду өнүктүрүп-өстүрүүнүн каражаттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. Педагогдун предметтик (базалык) билиминин тармагы боюнча илимий изилдөө иштерине аралашуу, илимий эмгектерди жаратуу, эл аралык симпозиумдарга, конференцияларга катышуу, илимий наамдар менен даражаларга ээ болуу.
2. Окутуунун педагогикалык жаңы технологиялары, т.а., ыкмалары, методдору боюнча илимий изилдөө иштерди жүргүзүү, алар боюнча ар кандай семинар-тренингдерге катышуу жана билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жогорулатуу.
3. Жалпы интеллектти, кругозорду, эрудицияны, маданиятты, этиканы илимдеги, көркөм адабияттагы, диндердеги, коомдогу, жашоо-турмуштагы ж.б.у.с. ар кандай булактардан өнүктүрүп - өстүрүү.

**Корутунду ирээтинде.**

1. Билимдин сапатын көтөрүү үчүн өлкөбүздө кадр саясатын өзгөртүүнүн зарылдыгы

жана адистерге талап “мейкиндигин” кеңейтүү.

2. Билимдин сапатын көтөрүү үчүн жаш мугалимдер менен окутуучулардын эң жок дегенде жети сапатын: педагогикалык, уюштуруучулук, чечендик жөндөмдөрүн, предметтик (кесиптик) илим-билимдерин, педагогикалык технологияларын (салттуу жана жаңы методдорду), педагогикалык тажрыйбаларын, педагогикалык маданиятын жана жалпы эле кругозорлорун кескин жогорулатуу.

3. Билимдин сапатын көтөрүү үчүн билим алуу системасынын мүмкүнчүлүктөрүн, потенциалын көтөрүү.

4. Мектептердин ж.б. окуу жайларынын илимий-техникалык базаларын чыңоо, жакшыртуу. Бул боюнча алгылыктуу аракеттер көрүлүп жатат, бирок көйгөйлөр бар.

**Адабияттар:**

1. Чынтемиров Я.Ч. Базар экономикасынын шарттарында педагогикалык билимдин баалулугун сактап калуу жана окуучулардын, студенттердин илим-билимге болгон кызыгууларын арттыруу. //Вестник Иссык-Кульского университета. № 39, 2015.
2. Боталиева У.А., Карасартова Ж.Б. Жогорку окуу жайында болочок мугалимдерди даярдоодогу айрым маселелер. //К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети. Интернет булактарынан алынды.
3. Мусаева В.И. Компетенттүүлүк деген эмне же мектепте салттуу окутуу менен компетенттүүлүккө багыттап окутуунун артыкчылыктары. (КББА). Интернет булактарынан алынды.
4. Өмурзакова Ч.Ш. Билим берүү системасындагы педагогикалык-кесиптик компетенттүүлүк. К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети. Интернет булактарынан алынды.
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Редакторлор; Э.Абдулдаев, Д.Исаев. –Фрунзе: Мектеп, 1984.
6. Ожегов С.И. Словарь русского языка. – Москва: Русский язык, 1984.
7. Теплов Б.М. Способность и одарённость (психология индивидуальных различий). –Москва: Издательство Московского университета, 1982.